| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ГҮЛЧӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ГУЛЬЧИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII -чакырылыштын депутаттарынын кезектеги**

**4 - отуруму**

**ТОКТОМ**

**№ 4/8**

**2025-жылдын 13-февралы** **Гүлчө айылы**

**«Гүлчө парк» муниципалдык ишканасы жоюлгандыгына байланыштуу, Гүлчө айылдык кеңешинин 7-чакырылыштын 8-отуруму тарабынан кабыл алынган 2024-жылдын 22-августундагы № 8/6 токтомунун 1-2-пунктарына өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII-чакырылышпын кезектеги 4-отуруму, Гүлчө айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Э.Тажибаевдин баяндамасын угуп, талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 5-17-пунктарынын негизинде **токтом кылат:**

1. Алымбек датка эс алуу багына жаңыдан салынган спорттук (волейбол, футбол) аянтчасынын тарифи саатына 300 (үч жүз) сом болуп бекитилсин жана айына ижара акысына бекитилип берилген 30 000 (отуз мин) сом планы алынып салынсын.

2. Спорттук (волейбол, футбол) аянтчаларды ижарага берүү жагы хронометраж жүргүзүү аркылуу, келишимдин негизинде айыл өкмөтү менен ижарага алуучу тарап ортосунда айына план бекитүү менен берилсин.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө айыл өкмөт башчысы Н.Тажибаевге милдеттендирилсин

4. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Самиев**